*педагогического университета имени А.Мырсабекова*, *2*(1(25), 155–161. https://doi.org/10.56122/.v2i1(25).328

10. Акматов К., & Мамырова, А. (2023). ТЕОРЕТИЧЕСКИЕ ОСНОВЫ ПОНЯТИЯ «ХУДОЖЕСТВЕННЫЙ ТЕКСТ». *Вестник Ошского государственного университета*, (1), 60–67. https://doi.org/10.52754/16948610_2023_1_8

**УДК 37091/820.1.2. /82.0** **DOI: https://doi.org/10.56122/..v1i1.595**

## ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВДУН «ЭРТЕ КЕЛГЕН ТУРНАЛАР» ПОВЕСТИ – УЛУТТУК БААЛУУЛУКТАРДЫ ЖАНА ЭЛДИК ТАРБИЯ САЛТТАРЫН ЖЕТКИРҮҮНҮН КАРАЖАТЫ

*Сакиева Сайипжамала Сайлайдиновна - педагогика илимдеринин доктору,*
*Б.Осмонов атындагы ЖАМУнун профессору*
*0009-0003-1520-3492, s-sakieva @mail.ru*
*Исмаилова Ибадат Мусаевна – Тайиров атындагы КГПИнин окутуучусу*
*0009-0001-7253-5114, ismailovaibadat51@gmail.com*
*Рысбаева Акмарал Абдилатовна, кыргыз тили жана адабияты мугалими*
*0009-0002-7766-3075, rysbayeva.79@bk.ry*

## ПОВЕСТЬ ЧЫНГЫЗ АЙТМАТОВ «РАННИЕ ЖУРАВЛИ» — СРЕДСТВО ПЕРЕДАЧИ НАЦИОНАЛЬНЫХ ЦЕННОСТЕЙ И НАРОДНЫХ ТРАДИЦИЙ ВОСПИТАНИЯ

*Сакиева Сайипжамал Салайдиновна - доктор педагогических наук профессор,*
*ЖАГУ имени Б.Осмонова*
*ORCID 0009-0003-1520-3492, s-sakieva @mail.ru*
*Исмаилова Ибадат Мусаевна - преподователь КГПИ имени М.Тайирова*
*0009-0001-7253-5114, ismailovaibadat51@gmail.com*
*Рысбаева Акмарал Абдилатовна, учитель кыргызского языка и летературы*
*0009-0002-7766-3075, rysbayeva.79@bk.ry*

## THE NOVELLA “EARLY CRANES” BY CHINGIZ AITMATOV AS A MEANS OF PRESERVING NATIONAL VALUES AND FOLK EDUCATIONAL TRADITIONS

*Sakieva Saipzhamal Salaidinovna Doctor of Pedagogical Sciences*
*Professor at B. Osmonov ZhAGU*
*0009-0003-1520-3492, s-sakieva @mail.ru*
*Ismailova Ibadat Musaevna - Professor at the M. Taiirov KSPI*
*0009-0001-7253-5114, ismailovaibadat51@gmail.com*
*Rysbayeva Akmaral Abdilatovna, teacher of the Kyrgyz language and literature,*
*0009-0002-7766-3075, rysbayeva.79@bk.ry*

***Аннотация***

*Аталган макалада Чыңгыз Айтматовдун «Эрте келген турналар» повестинин негизинде улуттук баалуулуктарды жана элдик тарбия салттарын окуучуларга жеткирүүнүн өзгөчөлүктөрү каралат. Изилдөөдө чыгарманын мазмунунда чагылдырылган эмгекчилдик, мекенчилдик, адамгерчилик сыяктуу сапаттар талданып, алардын жаш муунду тарбиялоодогу мааниси аныкталат. Улуу Ата Мекендик согуш убагындагы айыл элинин турмушун, аталарынын, агаларынын ордун басып, мезгилинен эрте жетилген Султанмурат жана анын теңтуштарынын кажыбас кайратын сүрөттөгөнүнө карабастан бул чыгарма ааламдашуу доорундагы адамдардын ортосундагы мамилелерди, турмушка болгон көз карашын көрсөтүү жагынан тикеден-тике азыркы жаштарга арналгандыгын көрсөтүүгө*

*аракеттендик. Жашоону таануу, алгачкы наристе сүйүү менен жолугушуу, не бир ажайып кыялдардын, таттуу сезимдердин ойгонушу, үй-бүлөсүнө боорукер мамилеси повесттин башкы каарманы Султанмураттын образынын негизин түзөт. Адам баласы дайыма үмүт менен жашайт. Чыгармада турналардын келиши - жакшы үмүттүн символу. Повесттин философиялык максаты тереңде. Балдарда атуулдук жоопкерчиликтүү мүнөздүн калыптанышында аталардан, айылдагы улуу адамдардан алган элдик педагогикалык баалуулуктардын мааниси чоң. Мектеп окуучуларына патриоттук сезимди бекемдөөдө заманбап технологиялардын бири болгон ролдук оюн технологиясын сунуштамакчыбыз.Изилдөөнүн жыйынтыгында аталган повесть улуттук баалуулуктарды калыптандырууда натыйжалуу педагогикалык каражат экендиги негизделет.*

***Ачкыч сөздөр:*** *улуттук баалуулуктар, элдик педагогика, тарбия, мекенчилдик, турналар, десант, командир.*

***Аннотация***

*В данной статье рассматриваются особенности передачи национальных ценностей и народных воспитательных традиций учащимся на основе рассказа Чингиза Айтматова «Ранние журавли». В исследовании анализируются качества, такие как трудолюбие, патриотизм и гуманизм, отраженные в содержании произведения, и определяется их значение в воспитании молодого поколения. Несмотря на то, что в нем описывается жизнь деревенских жителей во время Великой Отечественной войны, несгибаемая храбрость Султанмурата и его сверстников, занявших место своих отцов и братьев и преждевременно повзрослевших, мы попытались показать, что это произведение напрямую предназначено для современной молодежи в плане демонстрации взаимоотношений между людьми и их взглядов на жизнь в эпоху глобализации. Осознание жизни, первая встреча с любовью в детстве, пробуждение чудесных снов, сладкие чувства и доброе отношение к семье составляют основу образа главного героя рассказа, Султанмурата. Люди всегда живут с надеждой. Приход журавлей в произведение — символ доброй надежды. Философский смысл рассказа глубок. В формировании ответственного гражданского характера у детей большое значение имеют народные педагогические ценности, полученные от отцов и старших в деревне. Мы хотели бы предложить школьникам ролевую игру, которая является одной из современных технологий укрепления патриотических чувств. Результаты исследования показывают, что рассказ является эффективным педагогическим инструментом в формировании национальных ценностей.*

***Ключевые слова****: национальные ценности, народная педагогика, образование, патриотизм, журавли, десант, командир.*

***Annotation***

*This article examines the specifics of transmitting national values and folk educational traditions to students using Chingiz Aitmatov's short story "Early Cranes." The study analyzes qualities such as hard work, patriotism, and humanism reflected in the work's content and determines their importance in educating the younger generation. Despite the fact that it describes the life of the village people during the Great Patriotic War, the indomitable courage of Sultanmurat and his peers, who took the place of their fathers and brothers and matured prematurely, we tried to show that this work is directly intended for modern youth in terms of showing the relationships between people in the era of globalization and their outlook on life. Recognition in life, meeting with the first childhood love, awakening beautiful dreams, sweet feelings, and a kind attitude towards the family form the basis of the image of the main character of Sultanmurat's story. People always live in hope. The appearance of cranes in the work is a symbol of good hope. The philosophical purpose of the story is profound. Folk pedagogical values, which they receive from their fathers and elders of the village, are of great importance in the formation of a civic-responsible character in children. We want to offer students role-playing game technologies, which are one of the modern technologies in fostering patriotism. The results of the study show that the story is an effective pedagogical tool in the formation of national values.*

***Key words**: national values, folk pedagogy, education, patriotism, cranes, landing force, commander.*

Баарыбызга белгилүү болгондой, учурдагы ааламдашуу заманында эң зарыл болгон Ата журтка карата мекенчилдик сезим, туулуп өскөн жерин коргоп, элге кызмат кылган, ак эмгектенген, тарбиялуу, айлана-чөйрөгө, адамдарга, сергек мамиле кыла билген инсанды калыптандыруу идеясы эң негизги милдет болуп эсептелет. Мындай сапаттарга ээ болгон атуул бала өз калкынын жашоо абалына сергектик менен мамиле жасап, айылынын, шаарынын өнүгүүсүнө салым кошкон мыкты инсан боло алат. Ушундай атуул жарандар бир тууган элине, туулган жерине, эне тилине, маданиятына, жаратылышка сергек жана аң-сезимдүү мамиле кыла алат жана өзүнөн кийинкилерге ата-бабалардан калган сонун мурастарды ар-намыстуулук, сыймыктануу менен жеткирип, бере алат. Жаштар канчалык эл аралык окуу жайларда окубасын, дүйнөлүк тилдерди канчалык үйрөнбөсүн, “Ат айланып казыгын табат”- дегендей алардын ушул жетишкендиктери Ата Мекенибиз үчүн кызмат кылганда гана алар атуул болушат. [5.245-б].

Ушундай мыкты сапаттарга ээ болгон муунду тарбиялоо үчүн өз чыгармаларында элдик педагогиканын баалуу үлгүлөрү чагылдырылган даанышман жазуучубуз Ч.Айтматовдун чыгармаларын окутуу максатка ылайыктуу. Анткени жазуучунун чыгармаларын канчалык окуган сайын андагы философиялык ойлордун чети оюлбайт, дагы бир мурда байкалбаган сырлар жылт этип көрүнө берет.

Жаштарды мекенчилдикке тарбиялоодо Ч.Айтматовдун «Ысык-Көлдүн куту жана куну» публицистикалык чыгармасын талдоонун маани чоң көлдүн тартылышы аркылуу адамзаттын табиятка болгон кайдыгер мамиленин кесепетин, учурдун глобалдык проблеммасын чагылдыра алат.[1, 123-б]. Баалуулуктар дегенде адептик-ыймандык түшүнүктөр жөнүндө сөз жүрүп, баа берүү менен байланыштуу болуп, адамдын жүрүм-турумуна өзүнүн же башкалардын берген баасы ж.б. аркылуу киши тутунган баалуулуктарын өзгөртөт – тактап толуктайт.[7, 292-б]

Повесть согуш мезгилиндеги балалык тууралуу. Ал балдардын жетилүүсү - эрте келген турналардай эрте жетилгендик. Повесть Улуу Ата мекендик согуш учурундагы турмушту баяндаганына карабастан, өзүнүн көркөмдүк таасири, добушу боюнча, идеялык - проблематикалык негиздүүлүгү боюнча бүгүнкү ааламдашуу доорунун эң курч талабына төп келип турат. Инсандар ортосундагы татаал маселелерди ачып көрсөтүү жагынан, дегеле адамдын турмушка болгон көз карашын көрсөтүү жагынан “Эрте келген турналар” повести түздөн-түз азыркы жаш муундарга арналган.

Ч.Айтматов согуштун каарын бир канча повесттеринде жазбады беле. Эми дагы эмне жөнүндө жазат экен? Көрсө, согуш темасына кайрылганы менен анын философиялык-нравалык мааниси бир топ тереңде экен. Анын натыйжасы адамдын турмушуна, тагдырына, атуулдук сапатына негизделген. Адабий сынчы В. Оскацкий "Эрте келген турналар "жөнүндө жазган макаласын "Аксай десанты"деп атаган. Ал эми адабият таануучу, сынчы М. Рудов өз макаласын "Баатырдык дастан" деп атаган.

Анда бул повесть эмнени баяндайт?

Каардуу согуштун күндөрү. От жаңылбаган суук класс. Демек, уруштун каары ушул, фронттон миңдеген чакырым алыстыктагы тоо арасындагы мектепке да алда качан эле жеткен. Инкамал апай географиядан Цейлон аралы жөнүндө сабак өтүп жатат. Аны угуп отурган Султанмураттын кыялы ошол өлкөлөрдө, пил минип төө куш кубалап жүрөт. Анан эле атасы менен өткөргөн бактылуу күндөрү эске түштү. Атасы барда жашоо башкача эле. Бекбай аны өзү менен кошо алып жүрүп, иш үстүндө эле өзүнүн жүрүм-туруму, эмгекке, коомго болгон жоопкерчилиги менен көп нерсени үйрөтүп, тиричиликке бышырып коюптур.

-Кандай , ойгондуңбу?- деди атасы тамашалап.

-Уктаган жокмун, - деди уулу.

-Анда, ме, карма! Атасы божуну берди [2.181-б]

Кыргыз баласы үчүн бул ишеним элдик таалим-тарбия салттары боюнча толук жетилгендиктин белгиси. Кыргызда “Ата” көргөн ок жонот, эне көргөн тон бычат" деген макал бар.

-Кана токточу, божуну тарт, -деди да аттар жүрүшүн акырындатып, токтой турган болгондо, акырын ышкырып күтүп турду.

-Аттардын бейшеби толду, бирок айта албай баратышат. Байкаш керек.

Айткандай эле даңгыр жолдун үстүнө коё беришти. [ 2. 184-б]

Эмгекке, жакындарына, аттарга карата кандай мамиле кылууну Султанмурат жана анын мезгилинен эрте жетилген теңтуштары адегенде аталарынан, үй-бүлөсүнөн алышты. Шаардан кайтып келе жатканда Султанмурат уктап калат. Атасы аны чөмөлө чөптүн түбүнө жаткырды да, батинкесин чечип койду. Бүгүн аябай кысып жүргөн эле, атасы кайдан биле койду. Ээн жолдун боюнда, айдың талаа бетинде, ачык асман астында ата -бала уктап жатты. Ушул түнкү жылдыздуу уйкуну кийин Султанмурат нечен ирет сагынып эстер...

”Эрте келген турналар”повести атуул катары калыптануу жараянын башынан өткөрөр мезгилде ошол балдарды атайын бир татаал ишке кез келтирип ошолор менен сынаган чыгарма окшойт. Дегеле, Айтматов сүрөткер-ыйманчы катары каармандары турмуштун кайнаган жеринде эмес, ээн, адамдар аз жашаган жерлерде сыналат.

Класска согуштан жарадар болуп келген башкарма Тыналиев кирип келди. Бул жолу өтө ойлуу да, капалуу да эле.

-Баарыңардын атаңар согушта, аларга гүлазыкты өз колуңар менен камдайсыңар!

Алдында 13-14 жаштагы өспүрүмдөр эмес эле, эр жетип фронтко узап жаткан эр азаматтар тургандай сүйлөдү.

Анткени ушул балдардын окуусун токтотуп, алыскы Ак-Сайга жер айдоого жиберүүгө келген эле. Быйыл 200 гектар кошумча жер айдап, эгин эгилбесе, абал келерки жылы мындан да оор болорун түшүндүрүп сөз арасына "десант", "командир" сыяктуу аскер сөздөрүн колдонуп сүйлөдү. Бир топ талашып тартышуудан кийин башкарма Тыналиев Султанмуратты командир кылып дайындап, анын мойнуна толгон токой жоопкерчиликти жүктөдү. Ушуну менен алардын иши өтө жооптуу экендиги белгилүү болду.

Башкарма бул балдардан согуштагы десанттарды элестетсе, автор буларды жоо кийимин кийип, казатка аттанып жаткан Манаска, анын чоролоруна салыштырат. Анткени ушул жаш өспүрүмдөр анча деле айтарлык эрдик көрсөтө элек болушса да, алардын чоң турмушту көздөй аттаган алгачкы кадамдары дал ошондой бийик, эмоционалдуу, эпикалык үн менен айтылат.[11.373-б]

Ат сарайга келген башкарма адегенде:

-Кана, ат жабдыгыңардан кемчилик тапкылачы? - деген суроо коёт. Суроонун дал ушундай коюлушу өспүрүмдөрдүн психологиясына катуу таасир этет. Бул суроону балдардын баары идеал туткан, фронттон келген башкарма Тыналиев берип жатат.

Кемчиликти өзү айтып, көрсөтүп, оңдоп берсе да болот. Бирок ал антпейт. Бул атайын тапшырма балдардын таанып билүүсүн өстүрүү үчүн жана акыл-эсин калыптандыруу үчүн айтылып жатат. Турмуштан алып чыккан Тыналиевдин бул проблемалуу суроосу балдар үчүн татаал болду, алар “эч нерсе таба алышпады”. Бул суроо менен башкарма аталардан калган мурас-салтын, этникалык эрежелерин түшүндүрдү. Турмушка жаңыдан аттанган өспүрүмдөргө үйрөтүү үчүн атам замандан бери келаткан элдик педагогика- дагы парз да, карыз да экенин, ар бир улуу муундагы кишилер аңдаган, эч жерде жазылбаган мыйзам эле.[9.120-б]. Ат-кыргыздын канаты. Аны кантип бапестеп багып, жабдып, кароо керектигин ат жалында өскөн элдер гана балдарына акылын айта алган. Алардын салттык тарбиялык үрп-адаты ушундай жүрүш-туруш эрежелерине негизделген. Ак-Сайга жөнөр алдында Мырзагүл бийкечтин алдында ат чаап, өздөрүн көрсөтүп өтөбүз деген көйрөңдүктөрү Окторунун бутунун кокусташы менен аяктады. Жинденген Чекиш чал балдарды качырып кирди. Султанмурат гана былк этпеди, камчы жесе да.

Анатайдын атасынан кара кагаз келгенде, Чекиш ата: “Баргыла, кызмат кылгыла, Анатайдын жанында туруп, кыздардай бышактай бербей, жакшылап өкүргүлө"- деди.

Ошентип, “Аксай десанттары” алгачкы патриоттук тарбияны аталарынан алса, согуш учурунда башкарма Тыналиев, бригадир Чекиш аталардан алышты. Автор кош айдоонун алгачкы күнүн жаш кошчулардын жан дили менен иштеген ишин поэтикалык эргүү менен сүрөттөйт.

-Турналар! Ээй, карагылачы турналар учуп баратат!

-Эрте келген турналар, жакшы жышаан! Түшүм мол болот!...

Ушул азап-тозок, оор турмуш биротоло орноп калбайт. Согуштан кийин жакшы күндөр келет деген үмүт, кыял. Турналар үмүттүн символу.

“Кеп жалаң гана Аксайдын ээн жаткан талаасын багындырууда эмес эле. Кеп ошонун маанисин түшүнүүдө, ага аң-сезимдүү мамиле кылууда эле. Ч.Айтматов өзүнүн жаш каармандынын ички дүйнөсүндөгү ушул психологиялык бурулушту ишенимдүү мотивировкалайт”, - дейт адабий сынчы К.Асаналиев “Аксайдын баатырлары” деген изилдөөсүндө. Чыгарманы бир дем менен окуп чыгасың. “Султанмурат оролгон жүгөндү кармаган бойдон алдыга бир аз жүткүнүп, кулачын кере дапдаяр болуп турду.[3.279-б]. Повесть бизди мелт-калт болуп оргуштап кеткен сезимдердин толкунуна калтырып ушинтип чорт аяктайт. Анан биз көңүлүбүздө чыгарманы кайрадан көз алдыбыздан өткөрөбүз. Уруш убагында Таластагы айылда өткөн ушул иштерди, муң-кайгыларды, катаал сыноолорго чыдаган карапайым калкты, фронтко кеткен аталары менен агаларынын ордун басып, мезгилинен эрте жетилген өспүрүмдөрдүн бир бооролорунан ажыроо азабын жана элдин патриоттук эрдигин көз алдыбыздан тасмадай чубап өткөрөбүз. Кыргызстандын демократиялык өнүгүү тенденциялары мекенчилдикке тарбиялоонун мазмунун, маңызын кайра иштеп чыгуунун өзгөчө актуулдуулугун белгиледи.[4. 319-б]

“Эрте келген турналар” Ч.Айтматовдун башка чыгармаларындай эле татаал жана терең мазмундуу чыгарма. Балалыгы согуш мезгилине туш келген өспүрүмдөрдүн тагдыры баяндалган, жүрөктүн аёолуу сезимдерин козгогон бул китеп, сыягы, автобиографиялык маанайда жазылганбы, көп окуялар автордун эске түшүрүүсу менен жазылганын байкоого болот. Ошондуктан повестти “Манас-Атанын ак кар көк музу"очерки менен интеграциялап окутуу жакшы ийгилик берет деген ишеничтебиз. Анткени чыгармадагы окуялар жазуучунун өзүнүн балалык чагы менен тике эле байланыштуу. Чыныгы турмуштагы Ч.Айтматовдун классташтарын ушул чыгармадан жолуктурабыз. Кала берсе Султанмурат, Анатайлардын аты да өзгөртүлгөн эмес

Султанмуратты Чынгыз деп элестетүү кыйын эмес. Болгону Султанмураттын атасы согушка кетсе. Чыңгыздын атасы репрессияланып кеткен. Бир туугандарынын саны да бирдей. Аксай талаасы -Таластагы Көк-Сай талаасы.. Согуш учурунун окуялары ушунчалык бир жанды ачыткан жана үрөйдү учурган окуялар эле. Балалык баёо жан дүйнөм менен мен ошол кайнаган окуялардын, үрөй учурган коркунучтардын, адам чыдагыс азаптын, кишини эзген кайгынын чок ортосунда болгом". [9. 122-б].

Ушул согуш учурундагы балалыктын оор жылдарын айтып бериш үчүн “адабият” деген дүйнөгө аралашты. Автор ошол катаал күндөрдү баяндоо менен гана чектелбейт. Анда адам тагдырын изилдеген терең философия, нравалык көйгөй жатат. Анын изилдөөчү предмети-адамдын өмүр тагдыры. Ал өмүр -тагдыр тынч күндөрдөгү, атасы бардагы бактылуу мезгили, балалык таттуу кыялдары, алгачкы наристе сүйүүсу, башка балдардай эле теңтуштары менен атаандашуусу, кайгыга ортоктош достуктары, акырында оор жоготуулар, кара ниет зордук-зомбулук менен беттешүүдөн башталды.

“Эрте келген турналар" повестинде согуш мезгилинде чоңдордун ордун баскан өспүрүмдөрдүн мекен алдындагы жоопкерчилиги көркөм чагылдырылат. Султанмурат баш болгон балдардын эмгеги - бул тылдагы чыныгы патриотизмдин үлгүсү",- деп баа берет профессор А.Муратов. [10.112-б]. “Турналардын эрте келиши - согуш мезгилиндеги элдин жакшылыкка болгон үмүтүн билдирген символикалык образ. Ч.Айтматов бул аркылуу келечекке болгон ишенимди көрсөтөт", - дейт профессор Н.Ишекеев.[6.118-б] Ал эми белгилүү педагог , балдар жазуучусу, профессор С.Рысбаев төмөнкүдөй аныктама берет: “Бул повестте атуулдук ураан түрүндө эмес, турмуштук аракет аркылуу берилет. Балдардын

аттарды сактап калууга жасаган аракети алардын мекен алдындагы милдетин, жоопкерчилигин сезгенин түшүндүрөт”.[12.96-б]

Биз өз макалабызда мектеп окуучуларынын мекенчилдик иденттүүлүгүн калыптандырууда көркөм чыгарманы окутуп үйрөтүүнүн активдүү технологияларынын бири болгон ролдук оюн ыкмасынын натыйжалуулугун аныктадык. Бул повесть согуш убагындагы жаш муундардын ооруктагы жумушу, мекен үчүн жоопкерчилиги жана коллективдик ынтымагы аркылуу атуулдук идея курч сүрөттөлгөн чыгарма болуп эсептелгендиктен изилдөөнү максат кылдык.

Адабий чыгармаларды окуп жана түшүнүү менен бирге окуучуларды ой жүгүртүүгө, тексттеги көйгөйлөрдү талкуулоого кеңири мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берет.[13. 280-б]. Ушул максатты ишке ашыруу үчүн Кызыл -Кыя шаарындагы №2 - жалпы билим берүүчү мектептин 9-класстарында эксперимент катары иш жүргүздүк. Жалпы 42 окуучу катышты. Катышуучулар эки топко бөлүндү.

1.Эксперименттик топ. Ролдук оюнга катышуучулар

2.Көзөмөл тобу. Чыгарма салттуу ыкма менен талданат.

**Этаптары:**

**1.Даярдоо этабы:**

а. Окуучулар повестти алдын-ала окуп келишкен.

б. Мугалим менен бирдикте негизги окуялар талданат жана каармандардын образына баа берилет.

в. Ролдор бөлүштүрүлөт: Султанмурат, Мырзагүл, Анатай, башкарма Тыналиев, Чекиш чал, Инкамал апай, автор жана жалпы окуучулар.

2. Сахналаштыруу

3. Төмөнкү эпизоддор алынды:

а.Инкамал апайдын сабагы

б. Башкарма Тыналиевдин мектепке келиши

в.Мырзагүлдүн жүзарчы бериши

г. Ак-Сайда балдардын жер айдашы

д.Турналардын келиши - асыл үмүттүн символу

Окуучулар каармандардын ролунда образга кирип, ички сезимдерин билдирип аткарышат. “Эгер мен Султанмураттын ордунда болсом”,- деген рефлексия жүргүзүлөт. Балдар өзүнүн ой жүгүртүүсүн, сезимдерин, иш-аракетин жана жүрүм-турумун талдашат, баа беришет.

**3-этабы**

**Талкуу жана талдоо**

Төмөнкү суроолор талкууланат:

1. Силерге Султанмурат патриоттук жактан кандай үлгү боло алды?

2. Ак-Сай десанттарынын дың жерди баш тартпай айдашы эмнени түшүндүрөт?

3.Турналардын эрте жазда келиши эмнеден кабар берет?

Мындагы жыйынтыктар аркылуу окуучулардын көпчүлүгү чыгарманын мазмунун гана түшүнгөнү белгилүү болду.

**4-этабы**

Натыйжаларды баалоо. Эксперименттин жыйынтыгын баалоо

1.Балдардын повесттин мазмунун түшүнүү деңгээли жогорулайт

2.Каармандарга эмоционалдык жактан жакындашат

3.Патриоттук баалуулуктарды сезүү менен кабыл алышына жардам берет.

Талкуунун жүрүшүндө балдар өз ойлорун эркин билдирип, каармандардын иш-аракетине, мүнөзүнө баа беришти.

**Жыйынтыктан кийин кайрадан сурамжылоо жүргүзүлдү.**

| Көрсөткүчтөр | Экспериментке чейин | Эксперименттен кийин. |
|---|---|---|
| Жогорку деңгээл | | |

| | | |
|---|---|---|
| Орто деңгээл | | |
| Төмөнкү деңгээл | | |

Бул сахналаштыруу технологиясы окуучуларды чыгарманын мазмунун, идеясын терең түшүнүүгө, каармандардын ролун аткаруу менен мекенчилдик, ар-намыстуулук, кайраттуулук сыяктуу баалуулуктарды өстүрүп, өздөрүнүн башынан ошол тагдырлар өтүп жаткан сыяктуу патриоттук сезимдерин калыптандырууга өбөлгө түзөт деп ишенебиз жана мектепте адабий чыгармаларды окутууда колдонууну сунуштамакчыбыз. Демек, Чыңгыз Айтматовдун чыгармаларын окуп жана түшүнүп, жазуучунун ар бир чыгармасында мекенчилдик иденттүүлүк үйрөтүлүп, көркөм чыгарма аркылуу окуучулардын бул сапаттары адабият сабагы аркылуу калыптанып, аларды окуучу өзүнүн жашоо турмушунда колдонуп, мекенчилдик иденттүүлүгү мектептен башталат деп айтууга болот. Жалпылап айтканда, жазуучунун чыгармалары аркылуу окуучунун мекенчилдик идентүүлүгүн калыптандыруу - адабият сабагы менен биргеликте жүргүзүлөт.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Абдышова З.А., Эшинбекова У.Ө. “Чыңгыз Айтматовдун «Ысык-Көлдүн куту жана куну» чыгармасын талдоо аркылуу студенттердин аргументтештирилген эссе жазуу көндүмдөрүн өнүктүрүү (в1 деңгээлинин мисалында).Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана.-2024.- №2, 120-124 бб.
2. Айтматов Ч.Чыгармалардын 8 томдугу 3-том Бишкек -2008
3. Асаналиев К .Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы боюнча изилдөөлөр, Бишкек, 2018, 1-том
4. Зулуев Б.Б., Тиллабаева Ж.Ж. “Мекенчилдикке тарбиялоонун айрым маселелери” Международный научно-теоретический журнал “Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана”.-2024.- №2.-319-322 бб.
5. Исмаилова И.М. Дүйнөнү генийлер өзгөртөт же жаштарды атуулдукка тарбиялоодо эне тилдин ролу. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана.-2024.- №8.- 2024.-245-248 б.б.
6. Ишекеев Н. Ч.Айтматовдун көркөм дүйнөсү - Бишкек , Адабият, 2001.
7. Карымшакова Ж.Ө. Диний баалуулуктар жана аны жаш муундарда калыптандыруу. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана-2024.- №8 .-291-295.
8. Муратов А. Акматов К. , Айтматовду мектепте окутуу, 2-китеп, Б.,2017.
9. Муратов А. Ч.Айтматов - жазуучу этнопедагог - Бишкек, 2006.
10. Муратов А. Ч.Айтматовдун көркөм дүйнөсү, Бишкек ,1990.
11. Рудов М. Баатырдык дастан Ч.Айтматовдун чыгармачылыгы боюнча изилдөөлөр, 3-том, Бишкек,, 2018.
12. Рысбаев С. Балдар адабияты жана тарбия маселелери.- Бишкек, 2010.
13. Сакиева С.С., Усенова Г. К., Тенишова К.Ж. Адабий окууда текстти талдоодо колдонулуучу технологиялар.-Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана.-2024.- №8.- 277-281 бб.